DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-56-229-233
УДК: 81(575.2)

***Сыдыкова Т. К.,*** *филол. илимд. докт., профессор*
*tsydykova64@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-1362-6561*
*И. Арабаев ат. КМУ, Бишкек ш., Кыргызстан*

## ИЛИМГЕ АРНАЛГАН ӨМҮР

*Макалада кыргыз тили илимине өмүрүн арнаган окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытовдун басып өткөн өмүр жолу, илимий изилдөөлөрү, илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү жөнүндө сөз болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *кыргыз тил илими, доцент, профессор, фонетика, лексика, изилдөө, эмгек, диалекти, говор, эскирген сөз, монография.*

***Сыдыкова Т. К.,*** *докт. филол. наук, профессор*
*tsydykova64@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-1362-6561*
*КГУ им. И. Арабаева, г. Бишкек, Кыргызстан*

## ЖИЗНЬ, ПОСВЯЩЕННАЯ НАУКЕ

*В статье рассказывается о жизненном пути, научных исследованиях, научно-педагогической деятельности учёного, доктора филологических наук, профессора Жумаша Мамытова, посвятившего свою жизнь науке о кыргызском языке.*

***Ключевые слова:*** *кыргызское языкознание, доцент, профессор, фонетика, лексика, исследования, работа, диалект, речь, устаревшие слова, монография.*

***Sydykova T. K.,*** *doctor of philology, assistant professor.*
*tsydykova64@mail.ru*
*ORCID: 0009-0000-1362-6561*
*KSU named after I. Arabaeva, Bishkek, Kyrgyzstan*

## A LIFE DEDICATED TO SCIENCE

*The article tells about the life path, scientific research, scientific and pedagogical activities of the scientist, doctor of philological sciences, professor Zhumash Mamytov, who devoted his life to the science of the Kyrgyz language.*

***Keywords:*** *Kyrgyz linguistics, associate professor, professor, phonetics, vocabulary, research, work, dialect, speech, obsolete words, monograph.*

**Киришүү.** “Ар бир кесип ардактуу” деп айтылгандай, ким, кайсыл кесипти аркалабасын, аны менен алектенип, көп убакыт эмгек кылып, анын ийгилик-натыйжасын берет жана анын ийгилиги тил илимине кызыккандар үчүн, кыргыз эли үчүн “нан менен суудай” керек. Филология илимдеринин доктору, профессор Ш. Жапаров 2004-жылы чыккан “Кыргыз тилчилери” деп аталган эмгегинде: “Кыргыз тилчи – бул бороондо буюккан киши” [Жапаров, 2004: 27] деп белгилегендей, тилчилик кесипти аркалаган окумуштуулардын эмгеги да өтө оор, ары сыймыктуу. Ошондуктан бул макалада кыргыз тил илимине салым кошкон белгилүү окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытовдун илимге арнаган өмүрү тууралуу сөз кылабыз.

**Изилдөө объектиси** – белгилүү окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытовдун илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү.

**Материалдар жана изилдөө методдору: макаланын материалдары** – профессордун илимий-педагогикалык эмгектери жана кыргыз тилчилеринин окумуштуу жөнүндө жазган макалалары жана эмгектери. Баяндаманын **изилдөө методдору** – (изилдөө объектисине, коюлган максатка, милдетке жараша) сыпаттама, анализ, синтез, жалпылоо, индукция жана дедукция ж. б.

**Негизги бөлүм.** Белгилүү тилчи-окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытов – кыргыз тил илимине опол тоодой салым кошкон окумуштуулардын бири.

Элибизде "Ааламга кеткен жол айылдан башталат" дейт, ооба, чоң дүйнөгө жол, ар бир адамдын туулуп-өскөн айылынан башталат. Анда сөз Жумаш Мамытовдун туулуп-өскөн жеринен башталсын.

Филология илимдеринин доктору, профессор Жумаш Мамытов 1935-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң айылында жарык дүйнөгө келген. 1943-жылы Ысык-Көл областынын Жети-Өгүз районундагы Калинин (азыркы Эсенкожоев Кусейин) атындагы жети жылдык мектепте, 1950-53-жылдары Каракол шаарындагы Киров атындагы орто мектепте окуган. 1953-58-жылдары Кыргыз мамлекеттик университетинин (азыркы Жусуп Баласагын атындагы КУУ) филология факультетинде окуп, «Филолог; орто мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими» адистигине ээ болгон. 1958-60-жылдары. Ысык-Көл областынын Ак-Суу районундагы Кереге-Таш жети жылдык мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалим.

1960-63-жылдары КМУнун алдындагы аспирантура бөлүмүнүн «Кыргыз тили» адистигинде окуган [https://ky.wikipedia.org/]. 1967-жылы филология илимдеринин доктору, профессор Б. М. Юнусалиевдин жетекчилиги менен «Кыргыз тилинин советтик доордогу неологизмдери» деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, филология илимдеринин кандидаты илимий даражага ээ болгон. 1963-1969-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун доценти, кафедра башчысы, профессору, 1990-2011-жылдары – К. Тыныстанов атындагы ЫМУнун профессору [https://open.kg/about-kyrgyzstan].

2002-жылы «Көркөм чыгармадагы эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы» деп аталган докторлук диссертациясын коргоп, филология илимдеринин доктору илимий даражасына татыктуу болгон [Жапаров: 2004], илимий кеңешчиси – академик Б. Ө. Орузбаева.

Жумаш Мамытовдун жарык көргөн эмгектери:

❖ Неологизмы киргизского языка советской эпохи (образование лексико-семантическим и грамматическим способами): канд. дис. автореф. - Ф.,1966. -22с.

❖ Кыргыз тилиндеги неологизмдер: (лексико-семантикалык жана грамматикалык жолдор менен жасалышы). - Фрунзе, 1966. - 64 б.

❖ Көркөм чыгарманын тили: (ЖОЖдордун филол. факульт. студ. үчүн окуу куралы). - Фрунзе, 1990. - 124 б.

❖ Азыркы кыргыз тили: (фонетика, лексикология). - Бишкек, 1999. - 256 б.

❖ Көркөм чыгармадагы эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лонгвостилистикасы. док.дисс. автореф. - Бишкек, 2002. - 59 б.

❖ Эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы. - Каракол, 2002. - 202 б.

Жарык көргөн эмгектеринен окумуштуунун изилдөөлөрү кыргыз тилинин фонетика, лексикология жана көркөм тексттин тили тармактарына арналгандыгын белгилөөгө болот.

Окумуштуунун 2002-жылы жарык көргөн “Эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы” деп аталган монографиясы актуалдуу темалардын бирине арналган жана анда өтө терең анализ жасалган. Алсак, 1. “Көөнөргөн сөз – өткөн турмуш элеси” деп аталган бөлүмүндө анализдер мыкты, алгылыктуу жасалып, анын негизинде маанилүү жыйынтык-кортундулар чыгарылган. Алып карай турган болсок:

• Кээ бир сөздөр тилдин өнүгүшүнүн бир мезгилинде активдүү колдонулуп келип, бара-бара пассивдешип, акыры таптакыр элдин эсинен чыгып калышы же айрым кош сөздөрдүн, кошмок сөздөрдүн, туруктуу сөз тизмектериинин, макал-лакаптардын компоненти катары гана колдонулушу мүмкүн;

• Сөздөрдүн көөнөрүшү коомдук түзүлүштүн өзгөрүшү, өндүрүштүн, маданияттын, илимдин, техниканын жана ошого байланыштуу адамдардын ички дүйнөсүнүн, көз карашынын өнүгүшү менен шартталган экстралингвистикалык (тилден тышкары) жана тилдин ички спецификалык законченемдүүлүктөрү менен шартталган интралингвистикалык факторлор менен байланышат. Ошондон улам эскирген лексиканын түрлөрү:

• Историзмдер;

• Архаизмдер;

• Хронизмдер деп бөлүштүрүлгөн.

Историзмдерди структуралык түзүлүшүнө жана мазмунуна карай топторго бөлүштүргөн:

▪ Лексикалык историзмдер;

▪ Семантикалык историзмдер;

▪ Фразеологиялык историзмдер;

▪ Историзм макалдар деп карап, алардын ар бирин терең анализ кылган, аны мисалдар менен коштогон жана анын негизинде “историзмдер – тарыхый доордун көрсөткүчү” [Мамытов: 2002] деген тыянагын чыгарган.

Окумуштуунун изилдөөсүнүндөгү дагы бир белгилеп кетүүчү маселе – бул “диалектизмдер – жергиликтүү өзгөчөлүктү берүүнүн каражаты” деген тыянак-пикири. Анда: “Кыргыз адабий тили фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жактан кыргыз тилинин бардык диалект, говорлоруна мүнөздүү болгон жалпы белгилерди өз ичине камтуу менен, улуттук коллективдин бүт мүчөлөрү үчүн орток катнаш жасоо, пикир алышуу каражаты катары кызмат кылат жана аларды жалпы улуттук коллективге бириктирип турат” [Мамытов: 2002] деген конкреттүү жыйынтык чыгарылган.

Жергиликтүү диалектиге, говорго тиешелүү лексиканын көркөм чыгармаларда колдонулушу лексикалык диалектизмдер деп аталат. Мисалы: «Өзүм сүйүнчүлөгөн үкамдын ачыктан-ачык шылдыңдап, кемсинткен кылыгына ушундай жаным кашайды».

Диалектилик лексиканын экинчи бир түрү – жергиликтүү элдин турмуш-шарттарына, чарбачылыгына, үрп-адатына гана тиешелүү болгон нерселердин, буюмдардын, көрүнүштөрдүн аттарын атаган сөздөр. Бул сыяктуу түшүнүктөрдүн аттары бүткүл улуттук коллективге белгисиз болот. Көркөм чыгармада колдонулган мындай диалектизмдердин адабий тилде абсолюттук синоними болбойт. Диалектизмдин бул түрү этнографиялык диалектизмдер деп аталат. Мисалы: «Той кызматындагы аялдардын экөө бир-бирден мис чылапчын, мис абдесте көтөрүп кирип кетишти».

Лексикалык диалектизмдердин үчүнчү түрү – семантикалык диалектизмдер. Буга тыбыштык кейпи боюнча адабий тилдеги сөзгө туура келип, бирок мааниси боюнча адабий тилден өзгөчөлөнүп турган сөздөр кирет. Мисалы: «Айзада каракөз башатка эки челек («чака» маанисинде) ийиндеп сууга келди. (Т. Касымбеков «Сынган кылыч»).

Көркөм адабиятта лексикалык диалектизмден башка жергиликтүү говорлорго тиешелүү туруктуу сөз айкаштарынын – фразеологизмдердин колдонулган учурларын да жолуктурабыз, мисалы, *аптапта катык жалашканбыз.* Окумуштуу өз изилдөөсүндө диалектизмдин бул түрүн “фразеологиялык диалектизм деп атайбыз” деген.

Диалектизмдер көркөм чыгармада өтө эле ар түрдүү эстетикалык функцияларды аткарат: биринчиден, алар образды индивидуалдаштыруунун каражаты катары колдонулат, экинчиден, алардын жардамы менен турмуш-тиричиликти, социалдык чөйрөнү, ал-абалды ж. б. көркөмдүк жактан ишенимдүү, этнографиялык жактан так элестетип берүүгө болот. Адабий чыгармадагы диалектизмдердин негизги функцияларынын бири – мүнөздөө (характерологическая) функциясы. Жазуучу диалектизмди каармандын кебине киргизүү менен, аны белгилүү бир социалдык - турмуштук чөйрөгө таандык кылып көрсөтөт. Каарманды белгилүү социалдык чөйрөгө тиешелүү кылуу менен, диалектизмдер анын образын ачуунун каражаты болуп да кызмат аткарып калат.

Профессор Ж. Мамытовдун “Эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы” деп аталган монографиясындагы негизги чыгарылган илимий концепциялары:

- Адабий тилдин биринчи жана негизги белгиси катары анын жазуу жүзүндөгү берилишин эсептөө керек. Адабий тил – баарыдан мурда, тигил же бул графикалык системанын жардамы менен жазылган жазма тил. Өзүнүн жазуу системасы бар элдерде гана жазма адабий тилдин өнүгүшү мүмкүн.

- Көркөм чыгарманын тилинде жалгыз гана анын өзүнө таандык, адабий тилдин функциялык стилдеринин эч кайсынысында болбогон белгилер жана өзгөчөлүктөр бар. Көркөм адабияттын тилинин спецификалык өзгөчөлүктөрүнүн негизи болуп көркөм чыгармадагы тилдин таптакыр өзгөчө функциясы эсептелет.

- Көркөм чыгармада тил жалаң эле анын жардамы менен сөз устаты өзүнүн чыгармасын жараткан курал, инструмент гана эмес, ошол көркөм чыгарманын өзүн түзгөн материал да боло алат.

- «Көркөм адабияттын тили» деген түшүнүктү «адабий тил» деген түшүнүктөн жана анын функциялык стилдеринен айырмалап кароо менен бирге, алардын ортосунда органикалык тыгыз байланыш бар.

- Көркөм адабияттын тили – жалпы элдик тилдин ажырагыс бир бөлүгү. Ал адабий тилдин функциялык стилдери менен бирге элдин улуттук тилинин системасына кирет. Ошондой эле адабий тилдин функциялык стилдерин көркөм адабияттын тилинен жасалма түрдө ажыратууга мүмкүн эмес. Адабий тилдин өнүгүшүндө көркөм адабияттын тилинин мааниси өтө зор. Ошентип, көркөм адабияттын тилинин тынымсыз өнүгүшү бүтүндөй улуттук адабий тилдин өнүгүшүнө жана байланышына кызмат кылат.

- Жалпы улуттук адабий тилдин жана анын стилистикалык тармактарынын өсүп-өнүгүшүндө, байышында көркөм сөз чеберлерине зор роль таандык.

Жыйынтыктап айтсак, профессор Жумаш Мамытовдун окуу куралдары жана илимий изилдөөлөрүнөн алынган жыйынтык-корутундулар: «көркөм чыгарманын тили» деп аталган окуу куралында жана эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы» деп аталган монографиясында каралган маселелер учурдагы актуалдуу темаларга арналган жана аны кийинки муунга түшүндүрүп, көркөм чыгарманын тилин анализдөө иштерин тереңдетүү – биздин милдет. Андыктан филология илимдеринин доктору, профессор Жумуш Мамытовдун илимий

изилдөөлөрү боюнча атайын курстарды өтүү – биздин милдеттерибиздин бири, ошондуктан окумуштуунун илимий изилдөөлөрү боюнча атайын курстарды, семинарларды өтүүнү сунуш кылабыз.

**Адабияттар:**

1. Жапаров, Ш. Кыргыз тилчилери [Текст] / Ш. Жапаров. - Бишкек, 2004.
2. Мамытов, Ж. Көркөм чыгарманын тили: ЖОЖдордун филол. факульт. студ. үчүн окуу куралы [Текст] / Ж. Мамытов. - Фрунзе, 1990. - 124 б.
3. Мамытов, Ж. Азыркы кыргыз тили: (Фонетика жана лексикология). Жогорку окуу жайынын филология факультетинин студенттери үчүн [Текст] / Ж. Мамытов. - Бишкек: Жэка, 1999. - 256 б.
4. Мамытов, Ж. Көркөм чыгармадагы эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы : филол. илимд. док. ... дисс. Автореф [Текст] / Ж. Мамытов. - Бишкек, 2002. - 59 б.
5. Мамытов, Ж. Эскирген сөздөр жана диалектизмдердин лингвостилистикасы [Текст] / Ж. Мамытов. - Каракол, 2002. - 202 б.
6. https://ky.wikipedia.org/
7. https://open.kg/about-kyrgyzstan/